
# Алтын калем




Автор: Дейя Касымова

Сүрөтчү: Олеся Роскос

Которгон: Талгат Деркембаев

# Алтын калем

Автор: Дейя Касымова
Сүрөтчү: Олеся Роскос
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Алтын калем" (кыргыз тилинде), автор Дейя Касымова, сүрөтчү Олеся Роскос, которгон Талгат Деркембаев

*Золотая ручка*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Карачы, таяжем мага Жапандан кандай сону калем алып келип берди, – деп Акылай пеналынан калем сабын сууруп чыкты.

Калемге аниме каарманы Нарутонун сүрөтү чагылдырылып, жапан тилинде жазылган жазуулары бар экен. Наруто башын таңып, үстүнө сары-күрөң түстөгү кийим кийинген.

– Оо, Наруто! Мен аниме каармандарынын сүрөтү тартылган калемдерди чогултуп жүрөм. Бирок менин мындай калемим жок, – деп суктанып койдум.


Сабакка коңгуроо кагылып, биз парталарга отурдук. Акылай экөөбүз бир партада чогуу отурабыз.

Кыргыз тили мугалимибиз теманы түшүндүрүп жаткан. Бирок мен аны укпай, Акылайдын алтын калемин кармалап коюп отурам. Мен да ушундай калем менен коллекциямды байыткым келди.





Танаписите балдар ызылдашып, класстын ичинде басып жүрүштү. Мен партада алма жеп отургам. Акылай партанын алдында турган рюкзагынын ичинен бир нерсе издеп жатты. Мен ушул учурдан пайдаланып, Акылайдын алтын калемин алып, карандаштар салынган пеналыма сала койдум. Бекемирээк катылсын деп мен аны рюкзагыма жашырдым.




Сабакка коңгуроо кагылды. Орус тили сабагында да сабакка көңүл коё албай койдум. Мен эми Качан Акылай алтын калемин эстеп, аны издей баштайт деп ойлодум.

Сабак бүткөнчө чыңалып эсим чыгып отурдум. Акылай мугалимди кунт коюп угуп, калемин эстеп да койгон жок.

Танаписте ары-бери баскым келгени менен эч жакка бара албай койдум. Рюкзактагы “менин” алтын калемимди кантип кароосуз калтырып кетем? Акылай кыздар менен ашканага куймак сатып алганы кетти.

Математика сабагында мугалимдин түшүндүргөнү кулагымдын сыртынан кетип жатты. Оюмдун баары эле алтын калемде болду. Мен сүйүнгөнүм менен, уурулугум кармалып калбаса экен деп жаным чыгат. Кайра танапис болгондо чыдабай кетип, класстын ичинде нары-бери бастым. Бирок көз кыйыгым, бүткүл дитим рюкзакта болду. Акылай партада альбомуна бир нерселерди тартып отурду.

Кайрадан коңгуроо кагылып, акыркы сүрөт сабагы башталды. Биз натюрморт тартышыбыз керек болчу. Бермет Айдаровна мөмө-жемиштер салынган фарфор идишти коюп:

– Бул – натюрморт. Аны алгач жөнөкөй кара карандаш менен тарткыла. Андан кийин түстүү карандаш менен боёгула, – деди.

Рюкзактан пеналымды алып чыгууга туура келди. Пеналымды ачып, эки колум менен жөнөкөй карандашты издөөгө аракет кылдым. Кокуйдуку десе! Менин бармактарым, карандаштарымдын баары, калемим да сыя болду. Карандашымды кайра пеналга салып, жаап койдум.



Мен колумду тазалайын деп кагаз майлык издедим. Аны издейм деп дептер, китептеримдин баарынын сыртын сыя кылдым. Акыры кагаз майлыкты таап, колумду сүрттүм. Бирок сыя колуман кетпей койду.

Эжейибиз мен сүрөт тартпай отурганымды байкап, жаныма басып келип:

– Канат, сен эмнеге сүрөт тартпай элесиң? – деди.

Мен өзүмдү жоготуп, эч нерсе дегенге жараган жокмун.

– Сенин карандаштарың кайда? – деп пеналымды ачып көрдү.

Ушул жерден мен коркконуман жана уялганыман бетим кызарып чыкты.

– Иий, сенин сыяң агып кеткен турбайбы, – деп ал пеналымды партанын үстүнө коюп, өзүнүн карандашын мага берди. Пеналды жаап, кайра рюкзактын ичине сала койдум.





Уяттан жана коркунучтан үйгө качып кетким келди. Бирок мен сүрөт тартып, сабактын бүтүшүн күтүп отура бердим.

– Менин карандаштарымды алып тарта бер, – деп Акылай алдыма карандаштарын жылдырып койду.

Мен ансайын уялдым. Айлам кетип, Акылайдын карандаштары менен сүрөт тартып отура бердим.

Акыры сабак бүтүп, рюкзагымды жонума артып, үйгө жөнөдүм.

Мен баары жакшы болуп кеткенине, эч ким эч нерсе билбей калганына сүйүнүп бараттым.

Үйгө жетерим менен алтын калемди, карандаштарымды, китеп, дептер тыштарымды, рюкзагымды сыядан тазалай баштадым.

Мен аларды самындап, шампундап, гелдеп жуудум. Идиш жууган суюктук менен да жууп көрдүм. Бирок бул сыянын чыга тургандай түрү жок. Колдон да чыкпай койду.



Кечинде ата-энем жумуштан келишти. Биз кечки тамакты жегени ашканадагы столго отурдук. Сыя болгон колдорумду көргөзгүм келбей, эч нерсе жегим келген жок.

Апам:

– Канат, сен эмне үчүн тамак жебей атасың? – деди.

– Жегим келген жок, – деп колдорумду столдун астына жашырдым. Апам келип, чекемди кармап көрдү.

– Маңдайың ысык эмес экен. Колдоруңа эмне болгон? Эмнеге колдоруңду катып атасың?

– Бүт булгаган турбайсыңбы? – деп апамдын тынчы кетти.

– Мектептен булгап алдым, – деп туруп өз бөлмөмө кирип кеттим.

Мен сабак даярдаган столума отуруп, корко баштадым. Ата-энем билип калчудай болуп калды.

Бир маалда баягы калемден кутулгум келе баштадым. Ушул маалда бөлмөмө ата-энем кирип келди.

– Канат, сага эмне болду? Сен бүгүн бир башкача болуп турасың? – деп апам тынчы кете сурады.

– Балам, сага эмне болду? – деп атам да сурады.

Башында калп айтып кутулайын дедим. Бирок чыдабай кетип ыйлап жибердим. Ушул жерден ата-энеме болгон чындыкты айттым.

– Балам, сен туура эмес кылыпсың. Көрдүңбү, калем сен ушул үчүн жазалаган турбайбы! – деп апам өңүн сурдантты.

– Эртең кечирим сурап, Акылайга калемин кайтарып бер. Катаңды ондо, – деди атам.





– Мен сөзсүз кайтарып берем. Экинчи бирөөнүн буюмун албайм. Бирок бул сыяны кантип кетирем? – деп көз жашымды көлдөтүп ыйлап жаттым.

– Колуңан сыяны кетиргенге биз жардам беребиз, – деди апам.

Атайын суюктук менен апам алтын калемди, карандаштарымды, дептер тыштарымды, рюкзагымды тазалап чыкты. Атам калемдин пастасын алмаштырды.





Кийинки күнү мен класска биринчилерден болуп келип, чыдамсыздык менен Акылайды күтүп турдум.

Эртерээк кетирген катамды оңдоп, Акылайдын калемин кайтарып берейин дедим.


Акылай класска кирип партага отурганда, ага алтын калемин берип:

– Акылай, мени кечирип койчу. Мен аябай уялып атам. Кечээ күнү мен... – деп андан ары бир да сөз сүйлөй албай койдум.

Акылай калемин алып, мени бир топко тиктеп, ылдый карап калды.


Бир мүнөттөн кийин ал жайдары күлүп:

– Калемди кайтарып бергенин аябай жакшы болбодубу! Мен аны жоголуп кетти го деп ойлогом, – деди.



Мен үстүмөн оор жүктү алып салгандай, дароо жеңилдене түштүм.

Ушинтип ушул укмуш калем мени жазалап, таза колдор жана таза уят менен жашаш аябай жеңил экенин үйрөтүп койбодубу!



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Дейя Касымова
Сүрөтчү: Олеся Роскос
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли